УДК: 371.47.022
DOI 10.33514/1694-7851-2023-2-358-362

**Батыралиев А.**
пед. илим. канд., доц.
Ош мамлекеттик университети
Кыргызстан, Ош ш.
kafedra15@mail.ru
**Айдарова Ж.М.**
пед. илим. канд.
Ош мамлекеттик университети
Кыргызстан, Ош ш.
aidarovaa1980@mail.ru
**Байсубанова В.А.**
улук окутуучу
Ош мамлекеттик университети
Кыргызстан, Ош ш.
vbaisubanova@gmail.com

# Я.А. КОМЕНСКИЙДИН ПЕДАГОГИКАЛЫК ЭМГЕКТЕРИН ОКУТУУ-КОМПЕТЕНТТҮҮ АДИСТЕРДИ ДАЯРДАП ЧЫГУУНУН ПАЙДУБАЛЫ

**Аннотация.** Макала педагогика илиминин негиз салуучусу Я.А. Коменскийдин эмгектерин жогорку педагогикалык окуу жайларында окуп үйрөнүү маселесине арналган.Авторлор макалада азыркы билим берүү мекемелеринде бекем орун алып, активдүү колдонулган жалпы билим берүү, класстык - сабак системасы, көрсөтмөлүү окутуу методу, эне тилде окутуунун артыкчылыгы, танапис, каникуль, чейректер, мектеп жадыбалы, мектеп имаратынын физикалык чөйрөсү жана башка көрүнүштөр эң алгач Я.А. Коменскийдин эмгектеринде аныкталып, билим берүү системасында жемиштүү колдонулуп келе жаткандыгын белгилейт. Макалада анын “Улуу Дидактика” эмгеги талданып бүгүнкү күндөгү педагогикадагы көптөгөн эрежелер Я.А. Коменский тарабынан айтылып кеткендигин далилдегенге аракет кылышкан. Компетентүү адистерди даярдоонун пайдубалы Я.А. Коменскийдин эмгектерин окутуп үйрөтүү деп эсептешет.

**Негизги сөздөр:** жалпы билим берүү, класстык сабак, көрсөтмөлүү окутуу, танапис, каникуль, чейректер, мектеп жадыбалы, билим берүү стандарты, классикалык педагогика, дидактика, окутуунун чеберчилиги, прагматикалык билим берүү, алтын эреже, компотенттүү.

**Батыралиев А.**
канд. пед. наук, доц.
Ошский государственный университет
Кыргызстан, г. Ош
kafedra15@mail.ru
**Айдарова Ж.М.**
канд. пед. наук

Ошский государственный университет
Кыргызстан, г. Ош
aidarovaa1980@mail.ru
**Байсубанова В.А.**
старший преподователь
Ошский государственный университет
Кыргызстан, г. Ош
vbaisubanova@gmail.com

## ИЗУЧЕНИЕ ПЕДАГОГИЧЕСКИХ ТРУДОВ Я.А. КОМЕНСКОГО – ФУНДАМЕНТ ПОДГОТОВКИ КОМПЕТЕНТНЫХ СПЕЦИАЛИСТОВ

**Аннотация.** Статья посвящена вопросу изучения трудов великого педагога, основателя педагогической науки Я.А. Коменского в высших педагогических учебных заведениях. Авторы справедливо считает, что все педагогические явления в современной школе – классно-урочная система, наглядный метод обучения, преимущественное изучение родного языка, каникулы, перерыв, расписание, учебная четверть, одинаковый возраст учеников и т.д. – первоначально были разработаны в его трудах и внедрены в практику школы. Ими проанализирована “Великая Дидактика” и доказывается, что многие сегоднящние теории и идеи современной педагогики в свое время были открыты в его труде “Великая Дидактика”. Изучение трудов Я.А. Коменского в высших педагогических учебных заведениях является фундаментом подготовки компетентных специалистов для образования.

**Ключевые слова:** общее образование, урок, наглядное обучение, перерывы, каникулы, четверти, школьное расписание, образовательный стандарт, классическая педагогика, дидактика, искусство преподавания, прагматическое образование, золотое правило, компетентность.

**Batyraliev A.**
Candidate of Pedagogical Sciences, Associate Professor
Osh State University
Kyrgyzstan, Osh c.
kafedra15@mail.ru
**Aidarova Zh.M.**
Candidate of Pedagogical Sciences
Osh State University
Kyrgyzstan, Osh c.
aidarovaa1980@mail.ru
**Baisubanova V.A.**
Senior Lecturer
Osh State University
Kyrgyzstan, Osh c.
vbaisubanova@gmail.com

# THE STUDY OF THE PEDAGOGICAL WORKS OF YA.A. KOMENSKY IS THE FOUNDATION FOR THE TRAINING OF COMPETENT SPECIALISTS

**Abstract.** The article is devoted to the issue of studying the works of the great teacher, the founder of pedagogical science. Ya.A. Komensky in higher pedagogical educational institutions. The author rightly believes that all pedagogical phenomena in a modern school: a class-based system, a visual teaching method, the advantage of learning the native language, vacations, break, schedule, academic quarter, the same age of students, etc. were originally developed in his writings and introduced into the practice of the school. He analyzed the "Great Didactics" and he proves that many of today's theories and ideas of modern pedagogy were discovered in his work "Great Didactics" at one time. He believes that the study of the works of Ya.A. Komensky in higher pedagogical educational institutions is the foundation for the training of competent specialists for education.

**Keywords:** general education, classroom lesson, demonstration training, breaks, vacations, quarters, school schedule, educational standard, classical pedagogy, didactics, the art of teaching, pragmatic education, the golden rule, competence.

Я.А. Коменский дүйнөлүк масштабда педагогика илиминин негиз салуучусу деп айтылып жүрөт. Азыркы билим берүү мекемелеринде бекем орун алып, активдүү колдонулган жалпы билим берүү, класстык-сабак системасы, көрсөтмөлүү окутуу методу, эне тилде окутуунун артыкчылыгы, танапис, каникуль, чейректер, мектеп жадыбалы, мектеп имаратынын физикалык чөйрөсү, мектеп бакчасы, мектеп аянтчасы, дене тарбия, музыканын өзүнчө атайын сабак катары окутулушу жөнүндөгү ж.б. далилдүү түшүнүктөр, жоболор эң алгач Я.А. Коменскийдин эмгектеринде аныкталып, билим берүү системасында жемиштүү колдонулуп келе жатат. Демек, Коменскийдин илимий-педагогикалык табылгалары 4 кылымга жакын мезгил өтсө да өз баалуулугун жоготпой, тескерисинче актуалдуулугу артып барат. Бирок, улуу педагогдун эмгектерин окуп үйрөнүүгө жогорку педагогикалык окуу жайларында жакшы көңүл бурулбай жаткандыгын белгилеп кетишибиз керек.Мамлекеттик билим берүү стандартында да анча маани берилген эмес. Классикалык педагогиканы окубай туруп азыркы педагогиканы түшүнүү мүмкүн эмес экендигин биз бул макалада Коменскийдин эмгектерине анализ жасоо менен далилдеп кетебиз.

Ал, 1627-жылы "Дидактика" деген аталыштагы эмгегин чех тилинде жарыкка чыгарган. Ал эми 1638-жылы "Дидактика" китебин кайрадан толуктап чыгып, латын тилине которуп "Улуу дидактика" деген ат менен жарык көргөн. Бул эмгек Я.А. Коменскийдин педагогика илиминдеги негизги фундаменталдык эмгеги болуп саналат. Себеби, мына ушул эмгеги аркылуу бүтүндөй дүйнөгө таанымал боло алды. Арадан кылымдар өтсө да "Улуу дидактика" өз актуалдуулугунан кетпей, маани-маңызын жоготпой педагогикадагы эң абройлуу, фундаменталдуу илимий эмгектердин сап башында келе жатат. Мугалимдер окутуу процессинин маңыз-мазмунун терең түшүнөм десе ал китепти сөзсүз окуп чыгуусу зарыл экендигине бүгүнкү күнү ынанып турабыз.

Я.А. Коменский "Улуу дидактика" эмгегинде окутуунун жалпы теориясындагы көптөгөн проблемаларды изилдеп, аларга теориялык жана практикалык негизде илимий далилденген жоптордy бере алган. Дидактиканы "окутуунун чеберчилиги" деп түшүндүрүп кеткен. Тарбиялоо жана окутуу процесстеринин маңыз-мазмунун алгачкылардан болуп табийгатка

шайкеш келүү принцибинин негизинде ачып көрсөткөн. Мисалга алсак: куруучунун, чымчыктын, багбандын табияттагы иш-аракеттери аркылуу таалим-тарбия процесстеринин мыйзам ченемдүүлүктөрүн ачып берген. Илимдин жана искусствонун жардамы менен балдардын “табият берген мүмкүнчүлүктөрүн өнүктүрүү зарыл”, – деп айтып кеткен. Бул тууралуу Бекембай Апышевич эмгегинде “Я.А. Коменский дидактиканын эң негизги принциби-окутуунун окуучулардын табиятына туура келүүсү деп эсептеген. Бул илимий жактан өтө негиздүү идеяны советтик доордун коммунистик идеологиясындагы атеист дидактар тан алышкан эмес. Жаман окуучу жок жаман мугалим бар деген ач айкырык, куу сүрөндү туу тутунушкан”, – деп жан кейитип советтик дидактиканын туура эмес жагын белгилеп кетет [1, 174-б.]. Бул идея-чындыгы эле көптөгөн окумуштуулар тарабынан туура эмес көз караш катары эсептелинип, советтик педагогика “бала табияттан “таза доска (табула раса)” төрөлөт, табияттан жөндөмдүүлүктөр берилбейт” деген социогенетикалык багытты, коммунистик идеологияны даңазалап келген. Азыркы педагогика баланын табиятын таалим-тарбия процессинде биринчи орунга коюш керек деген идеяны ишке ашырып жатат.

Я.А. Коменский табияттын мыйзам ченемдүүлүктөрүн изилдеп келип “табият эч качан пайдасыз нерсени жасабайт” [4, 65-б.], – деп далилдөө менен балдарга азыркы учурда жана келечекте чындап пайдасы тийе турган билимдерди окутуш керек экендигин айтып кеткен. Өзүбүз билгендей ушу убакка чейин турмушка пайдасы тийбеген окуу предметтерин окутуп келгенбиз, азыркы мезгилде билим берүүнүн мазмунуна анализ жасалып прагматикалык билим берүүгө өтүш керек деген көз караштар кеңири кулач жайды. Башкача айтканда окуучулардын жашоосуна, турмушуна пайдасы тийе турган билимдерди окутуу керектигине багыт алып, компетенттүүлүктүн негизинде билим берүүнү ишке ашыруу билим берүү практикасына кире баштады.

Анын мындан бир нече кылым мурда айтып кеткен идеялары бүгүнкү күндүн таалим-тарбия багытына туура келип турат. Мисалы, Я.А. Коменский “жаштарды туура окутуу-баланын башын авторлордон чогулган сөздөрдүн, фразалардын, ойлордун системасы менен толтуруу эмес, ал деген-көрүнүшөрдүн, буюмдардын маанисин түшүнүү жөндөмдүүлүгүн ачып берүү...” [4, 68-б.]  Табият жетиштүү негизсиз,тамырсыз эч нерсе жасабайт,куруучу үйдүн фундаментин бышыктап алып андан кийин үй курууга киришет, өсүмдүк тамырын коё берип алып гана өйдө карап өсө баштайт”- дейт [4,66]. Ошондуктан “сабакка же предметке киришээрден алдың мугалим окуучулардагы предметке болгон сүйүүнү, ал предметтин маанисин, пайдасын далилдеп алып гана сабак өтүүсү керек”, – деген ойду айткан [4, 67-б.]. Мектептин негизги милдети-чыныгы адамдарды чыгара турган өнөркана болуш керек деген ойду айтуу менен “эгерде биз окуучуларга чыныгы жана бышык билим беребиз десек, аларды өз алдынча байкоо жана сезимди аныктоо аркылуу окутушубуз керек”, – деп негиздеп кеткен [4, 72-б.].

Я.А. Коменскийдин дидактикадагы ойлору бүгүн да актуалдуулугун жоготпой келе жатат. Мисалга алсак, совет педагогикасындагы окуучулардын билимдерди өздөштүрүү этаптары жана Блумдун таксономиясы анын идеяларына таянган деп эсептесек болот. “Мектеп лабиринтинен чыгуу” аттуу эмгегинде табияттын жана педагогиканын мыйзам ченемдүүлүктөрүн ширештирип окуучулардын билимди өздөштүрүүнүн 4 этабын көрсөтүп кеткен. Биринчиси – автопсия (өз алдынча байкоо, билим алуу); экинчиси – автопраксия (практикалык иштөө); үчүнчүсү – автохресия (алынган билим, ык, машыгууларды жаңы

шарттарда колдоно алуу); төртүнчүсү – автолекция – (өз иш аракеттерин өз алдынча айтып берүү, баалоо). Блумдун таксаномиясынын маңыз-мазмунун талдап көрсөк Я.А. Коменскийдин идеясына жакын экендигин көрөбүз.

Я.А. Коменский сенсуалистик көз карашына таянып дидактиканын “Алтын эрежесин иштеп чыккан: “бардыгы сырткы сезимге берилиш керек: көрө турганды – көрүү сезимине, уга турганды-угууга, жыттай турганды – жыт сезүү органына, жей турганды – даам сезимине, жыттай турганды – даам татуу сезимине”. Эгерде окуу процессинде баланын бардык сезүү органдарын иштетип алар аркылуу окуу материалдарын кабыл алдыра алсак билимди өздөштүрүү өз максатына жетет деп белгилеп кеткен.Бул эреже да бүгүнкү күнү окутуу процессинде ийгиликтүү колдонулуп келе жаткандыгын баарыбыз билебиз.

Ошондой эле автор педагогика жалпы илим, аны тек гана окутуучулар, мугалимдер гана билбестен, ата-энелер дагы билүүгө тийиш, ошондо гана натыйжалуу тарбия жана билим берүү процесси жемишин бере тургандыгын баса белгилеп кеткен. “Ар бир бала туура тарбия жана билим алгандан кийин гана бакубат жана өнүккөн өлкөнү түзө алабыз, ал эми бул үчүн, албетте, баарыбызга ийкемдүү, түшүнүктүү болгон педагогика керек...” дейт автор.

Я.А. Коменскийдин негизги идеяларынын бири – “Энелер мектебин” түзүү. Бул идея бүгүнкү күндө өтө актуалдуу маселе катары көтөрүлүп жатат.Өсүмдүк тамырынан гана өсүп чыккандай, бала энелик мектепте гана түптөлөт, андан кийин гана жалбырактарын, гүлдөрүн ача баштайт.Бала дагы жашоого керектүү мүмкүнчүлүктөрдү, акыл-эсти, адеп-ахлактык баалуулуктарды энелер мектебинде ала алат деп белгилеп кеткен. Ал алгачкы жолу үй-бүлөлүк тарбиялоого арналган “Энелер мектеби”китебин жарыкка чыгарган.

Я.А. Коменский балдарды тарбиялоого да өзгөчө көңүл буруп кеткен. Ал: “Буга чейин окутуу жөнүндө өтө көп айтылды, бирок алардын баары эң негизги болгон адеп- ахлакка салыштырмалуу анча деле мааниге ээ эмес”, – деп тарбия процессинин маанисин ачып кеткен [4,78]. Эмгекте балдарды адеп-ахлактык жактан тарбиялоонун 16 эрежесин көрсөтүп кеткен. Ал эрежелердитарбияпроцессиндеколдонууөзжемишин берет депойлойбуз.

Айтылгандарды жыйынтыктап келип педагогика илиминин маңыз-мазмунун терең түшүнөлү, мезгилдин талабына жараша компетенттүү адис чыгаралы десек Я.А. Коменскийдин эмгектерин терең окутууну жолго салышыбыз зарыл.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Бекембай Апыш. Педагогика (окуу куралы). – Ош, 2011. – 412 б.
2. Джуринский А.Н. История педагогики: Учеб. пособие для студ. педвузов. – М.: Гуманит. изд. центр ВЛАДОС, 2000. – 432 с.
3. Коменский Я.А. Великая дидактика. Избр. пед. соч. – М., 1995. – 376 с.
4. Коменский Я.А., Локк Д., Руссо Ж.Ж. Песталоци И.Г. Педагогическое наследие / Сост. В.М. Ларин, П.А. Джуринский. – М.: Педагогика, 1989. – 416 с.
5. Дидактика средней школы [Текст] / под ред. М.Н. Скаткина. – М., 1982.

**Рецензент: пед. илим. канд., доц. Умаров Т.**